**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**

**ТҮП РАЙОНУ**
**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТЮПСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**

---

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 28-февралы **№37** Түп айылы

**"Түп айыл аймагында катуу таштанды калдыктарын чыгаруу боюнча тарифтерге өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 20-июлу № 241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 2-пунктунун негизинде, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышы **токтом кылат:**

1. Түп айылдык кеңешинин 2025-жылдын 21-январындагы №17 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоолор киргизилсин:

- "Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 74-75-беренелерине жана 76-беренесинин 1-пунктуна ылайык:

- биринчи пунктуна "Түп айыл аймагындагы, жеке ишкердик үчүн багытталбаган турак жайлардын ээлерине, ар бир катталган жаран үчүн катуу тиричилик таштандыларын чыгаруу жыйым өлчөмү 24 сом менен бекитилсин.
- ар жыл сайын жыйымдардын тийиштүү эсептөөлөрүн жүргүзүү жана төлөө убактысы учурдагы жылдын 1-апрелинен кечиктирилбесин" деген өзгөртүү киргизилсин.

- Үчүнчү пункт менен "Түп айылдык кеңешинин 2023-жылдын 20-июнундагы №170-токтомунун 4-пункту жокко чыгарылсын" деп толукталсын.

2. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жоопту катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду аткарылышы Түп айыл өкмөтүнүн башчысына, көзөмөлдөө жагы Түп айылдык кеңешинин бюджеттик комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**